**ЖАЙЫЛ РАЙОНУНУН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

**КАРА- ДӨБӨ НЕГИЗГИ**
**МЕКТЕБИ**
724407 Кара - Дөбө айылы
Школьная көч н/ж
ИНН 02603200410089
тел. 03133 7 01 89

**ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

**ОСНОВНАЯ ШКОЛА**
**КАРА- ДОБО**
724407 с. Кара-Добо
ул. Школьная б/н
ИНН 02603200410089
тел. 03133 7 01 89

---

Буйрук №2

20.01.22ж Кара-Дөбө негизги мектеби

2022-2023 окуу жылына карата 1-класска окуучуларды “Автоматтык түрдө электрондук каттоо”жүргүзүүнү уюштуруу жөнүндө.

1. АМС-электрондук кабыл алууну уюштуруу жөнүндө буйрук менен таанышсын.
2. 2022-жылдын апрель айынан баштап 1-класска кабыл алуу “Электрондук каттоо “ АМС аркылуу жүргүзүлсүн.
3. Буйруктун аткарылышына жооптуу болуп мектептин ОТИ б.д.о басары К.ГАбдиламитовага жүктөлсүн.
4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Мектептин мүдүрү Кулсариева А.Э.

"БЕКИТЕМИН"

Кара-Дөбө негизги мектебинин

мүдүрү Кулсариева А.Э.

## 2022-2023 –окуу жылына 1-класска окуучуларды электрондук каттоо жүргүзүү жөнүндө

### Жобо

2022-2023-окуу жылына 1-класска окуучуларды электрондук каттоо **mektep.edu.gov.kg** сайтында төмөнкү графикке ылайык жүргүзүлөт.

1. **11-апрелден саат 09:00дон баштап, 2022-жылдын 27-июнуна чейин саат 08:59га чейин** юридикалык жашаган жери ( по микроучасток) боюнча каттоо жүргүзүлөт.

2. **27-июндан саат 09:00дон баштап, 10-августка саат 10:00го чейин** чыныгы жашаган жери (фактическое место проживания) боюнча.

-арыз берген ата-эненин /мыйзамдуу өкүлдүн инсандыгын ырастоочу документтери;

-(паспорт,баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү,жашаган жеринен справка);

- ата-эненин/ мыйзамдуу өкүлдүн жана баланын жеке идентификациялык номери болбосо, баланы мектепке каттоого **мүмкүн эмес!**

**2022-жылдын 11-апрелине чейин** ата-энелер /мыйзамдуу өкүлдөр төмөнкүлөрдү даярдашы керек:

-паспорт;

-баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү;

-жеке идентификациялык номер( ЖИН-ата-эненин/мыйзамдуу өкүлүнүн жана баланын күбөлүгүндө көрсөтүлгөн 14сандан турган идентификациялык номер. Ал жок болгон учурда жашаган жери боюнча калкаты тейлөө борборуна (КТБ) кайрылуу керек.

-Мамлекеттик каттоо кызматынын электрондук порталында каттоо дарегинин болушун текшерүү.

Программалык деңгээлдеги система жарандардын төмөнкү жеңилдетилген категорияларына артыкчылык берет:

-үй-бүлөлөрүнүн жашаган жери боюнча аскер кызматчыларынын балдары;

-тиешелүү күбөлүк көрсөткөндө КРга көчүп келген жана кайрылман статусуна ээ болгон этникалык кыргыздардын балдары;

-үстүбүздөгү жылдын **15-сентябрына** карата ушул жалпы билим берүү уюмунда бир жылдан кем эмес иштеген мектептердин мугалимдеринин жана кызматчыларынын балдары.

**2022-жылдын 11-апрелине чейин** аскер кызматкерлери, кайрылман статусуна ээ болгон этникалык кыргыздар,мугалимдер жана мектеп кызматкерлери баланы мектепке каттоо учурга карата жогоруда аталган документтерге кошумча иштеген жеринен маалымкат(справка) даярдашы керек.

Ата-эне/мыйзамдуу өкүл баланы биринчи класска кабыл алуу жөнүндө билдирме алгандан кийин,учурдагы жылдын **1-августунан баштап 10-сентябрынан кечиктирбестен** мектепке төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү:

-мектепке кабыл алуу жөнүндө арыз;

-баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү;

КАРАЛДЫ

Педагогикалык кеңешменин

№1 протоколу

28.08.2022-ж

"БЕКИТЕМИН

Кара-Дөбө негизги мектебинин

мүдүрү Кулсариева А.Э.

______________

## Кара-Дөбө негизги мектебинин арыз ,даттануулларды кабыл алуу жобосу

## Кантип арыз берүү керек ?

**Арыз берүү үчүн төмөндөгү маалыматтарды ырааты менен толтуруңуз:**

1. **Баланын кимиси экениңизди көрсөтүңүз?**
   - Атасы;
   - Апасы;
   - Мыйзамдуу окулу (бул пунктту тандаган учурда тийиштүү документти тиркөө талап кылынат).
2. **Баланын ата – энеси/мыйзамдуу окулу тууралуу маалыматтар:**
   - Жарандыгы;
   - Жеке идентификациялык номери (ЖИН), аты – жөнү, паспорттук маалыматтары (сериясы, номери) ;
   - Уюлдук телефон номери;
   - (логин жана пароль келе турган) негизги электрондук почтасы;
   - Кошумча электрондук почтасы (Электрондук почталар каттоо жазуусун калыбына келтирүү үчүн зарыл);
   - Жеңилдик бар/жок (бул пунктту тандаган учурда тийиштүү документти тиркөө талап кылынат).
3. **Бала тууралуу маалыматтар:**
   - Баланын жеке идентификациялык номери (ЖИН), аты – жөнү, туулган датасы, жынысы;
   - Туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн сериясы, номери.
4. **Мектепти тандоо:**

   **Биринчи этап боюнча:**
   - Каалаган окутуу тили;
   - Ата – эненин катталган дареги боюнча системада тийиштүү мектеп автоматтык түрдө көрүнөт.

   **Экинчи этап боюнча:**
   - Каалаган окутуу тили;
   - Областы / шаары;
   - Арыз ээси бош орундар болгон учурда каалаган мектепти тандай алат.
5. **Арыз берерден мурда толтурулган маалыматтарды көрүп чыгуу:**
   - Арыз берерден мурда арызда толтурулган маалыматтардын тууралыгын текшерүү талап кылынат;
   - Арызыңыз тастыкталгандан кийин сиздин электрондук почтаңызга мектепке кабыл алуу үчүн арыз ийгиликтүү берилгендиги тууралуу билдирме жөнөтүлөт.

**Соц. Педагог:** Рысбаева Д.О